**«БЕКИТЕМИН»**
И.Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий иштер боюнча проректору, философия илимдеринин кандидаты,
проф.м.а. Э.Ж.Каниметов
________________________
«21» октябрь 2020-ж.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин “Манас таануу жана лингвистика” институтунун Лингвистика кафедрасынын кеңейтилген отурумунун

**№ 2 ПРОТОКОЛУ**

**Бишкек шаары** **2020-жылдын 25-сентябры**

**Катышкандар**: Кенжебаев Д.О. – филол. илимд. доктору, проф.м.а., **отурумдун төрагасы,** Тулеева Ч.С. – филол. илимд. доктору, проф.м.а., Садыкова С.З. – филол. илим. доктору, проф.м.а., Мусабаева Р.Ш. – доцент, Кыдырбаева Д.Ж. – филол. и. кандидаты, доцент, Азизбек у. Б. – филол. илимд. кандидаты, доцент, Черикбаева Н.Б. – филол. и. кандидаты, доцент м.а.

**Күн тартиби**:

1. Изденүүчү Камиля Каныбековна Шаршееванын 10.02.01-кыргыз тили адистиги боюнча жазылган «**Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилер менен байланышы**» аттуу темадагы кандидаттык диссертациясын талкуулоо.

**Илимий жетекчи**: Мусаев С.Ж. – филология илимдеринин доктору, профессор

**Угулду:**

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д., проф.м.а. Д.О.Кенжебаев:** Урматтуу катышуучулар, кесиптештер, бүгүнкү жыйында Камиля Каныбековна Шаршееванын «**Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилер менен байланышы**» аттуу кандидаттык диссертациясын талкууламакчыбыз. Илимий жетекчиси: филология илимдеринин доктору, профессор С.Ж.Мусаев. Диссертациянын

кол жазмасын окуп чыктыңыздар. Анда эмесе иштин негизин тааныштыруу үчүн сөз диссертант Камиля Каныбековна Шаршеевага берилет.

**Изденүүчү Шаршеева К.К.**: Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Азыркы кыргыз-тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилер менен байланышы» аттуу темадагы ишибизди сиздердин талкууңуздарга сунуштайбыз.

Жалпы түрк тилдериндегидей эле кыргыз тилинде да кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулугу / локалдашпоочулугу семантикалык категориясы ушу бүгүнкү күнгө чейин атайын изилдөөгө алынбаган. Атайын адабияттарда Л/ЛП категориясы этиштин түр-чактык формаларынын функцияланусун изилдөөгө байланыштуу каралган. Э.Кошмидер биринчилерден болуп түр-чактык формаларды аныктап чыгуу үчүн жогоруда белгиленген карама-каршылыкты киргизип, так календарлык-хронологиялык аныктоого жол берген убакыттагы локалдашкан фактыларды (убакыттын огундагы жеке чекит менен байланышкан), жана мындай аныктоого жол бербеген локалдашпаган фактыларды ажыратат. Ал локалдашпаган кыймыл-аракетке *Колду кол жууйт* сыяктуу убакыттан тышкары (вневременные) жагдайларды киргизген. *Мен тамеки тартпайм, шарап ичпейм, кумар ойнобойм, саат 7де турам* сыяктуу узуалдык кыймыл-аракеттер окумуштуу тарабынан локалдашуучулук жана локалдашпоочулук ортосундагы өтмө маани катары каралган.

Орус тилинин материалында чактык локалдашуу/локалдашпоо семантикалык категориясын А.В.Бондарконун эмгектеринде изилденген. Окумуштуу кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусун изилдөөдө мындайча белгилейт: «Для понимания закономерностей функционирования видов и времён важно охарактеризовать функционально семантическую категорию временной локализованности. В плане содержания речь идет о следующем противопоставлении: значение конкретности действия, его прикрепленности к определенному отрезку времени (*Когда я открывал дверь, я заметил…)* противопоставлено значению абстрактности, неопределенности положения действия во времени *(каждый раз, когда я открывал, я замечал…)* деп, орус тилинде түр жана чак категориясынын функцияланусунун мыйзамченемдүүлүктөрүн түшүнүү үчүн чактык локалдашуучулук темасынын маанилүүлүгүн белгилейт. Чактык локалдашуучулукту мазмундук планда алганда төмөнкү карама -каршылык жөнүндө сөз болот: кыймыл-аракеттин бекитилишин М: *Мен бүгүн 9дан 12ге чейин иштедим*, кыймыл-аракеттин убакыттын конкретүү учуруна бекитилишин көрсөтөт; *Мен күнүгө иштейм* кыймыл-аракеттин убакыттагы абстракттуу маанисине

белгисиздик маанисине карама-каршы коюлушу. Бул сыяктуу конструкцияларга А.А.Потебня төмөнкүдөй токтолот: «Славянские глаголы могут означать действие или во время свершения – конкретно *(я пишу теперь, я писал, когда он вошел),* или как возможность его, способность, привычку к нему (*я не дурно пишу; пишу по вечерам)* – отвлеченно деп, славян этиштеринин жогоруда келтирилген мисалдарында берилгендей кыймыл-аракеттин аткарылып жаткан учурдагы конкреттүү кыймыл-аракетти же анын жөндөмүн, адатын көрсөткөн кыймыл-аракетти билдирерин белгилейт.

Арийне, биз кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу/локалдашпоосу семантикалык категориясын уюшулуу каражаттарын башка тилдердегидей эле, этиштин түр-чактык категориялары, кыймыл-аракеттин аткарылуу ыкмасы, бышыктоочтук детерминанттар ж.б. карап чыгууну зарыл деп эсептейбиз. Кыргыз тилинде этиштин түр категориясы жок деп эсептелгендиктен, бул теманы тереңдетип кароону туура деп таптык, ошондуктан түр категориясынын изилдениш тарыхын жалпы тил илиминде, түрк тилинде жана кыргыз тилинде изилденишин карап чыктык. Арийне, кыргыз тилинин, жалпы эле түрк тилдеринин грамматикасы аналитикалык каражаттар аркылуу ырааттуу түзүлүшкө келип тургандыгын таанууга болбойт. Башкасын жөн койгондо да (айталы чак, жак, ыңгай, жөндөмө) түр категориясынын жасалышында синтетикалык дагы жана ошондой эле аналитикалык жол менен жасалышы өнүмдүү болоорун белгилебей коюуга болбойт. Тилдин өз табиятындагы ушу кырдаал жана кыргыз тил илиминде чактык локалдашуучулук / локалдашпоочулук семантикалык категориясынын уюшулуу каражаттарын, анын аспектилик маанилерин ачып көрсөтүү сыяктуу илимий-теориялык да жана ага негизделген практикалык маселелеринин алиге чейин атайын иликтенбегендиги аталган проблеманын **актуалдуулугун** айгинелейт жана атайын терең, ар тараптуу изилдеп чыгуу зарылдыгын шарттайт. Анткени, аталган проблеманын алкагында лексикологиянын, морфологиянын жана синтаксистин маселелери бири-бири менен катышта каралып, тилдик өнүгүүнүн тарыхый жолун, бүгүнкү күндө да болуп жаткан өзгөрүү-жаралууларды жана тилдин эртеңки тенденциясынын элементтерин аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Демек, мындан кыргыз тилиндеги чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук грамматикалык категорияларынын маңызын, ошондой эле сүйлөм структурасындагы локалдашуучулук/локалдашпоочулуктун ар кандай категориалдык аспектуалдык маанилерин системалуу түрдө изилдөө менен убакытты

билдирүүдөгү ар кандай грамматикалык категориялардын катышуу даражаларын аныктоо изилдөөнүн **негизги максаты** болуп эсептелет.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **маселелер** талкууга алынды:

- чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулуктун теориялык негизи жана аспектуалдык маанилер менен карым-катышы;

- убакыт (чак) идеясы менен менен бириккен ар кандай категориялардын: аспектуалдык категориялар, темпоралдуулук, узакка созулгандык, кыймыл-аракеттин аткарылуу ыкмасы жана чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук категориясы, алардын өз ара аракеттешүүсү, башка грамматикалык категориялар менен болгон карым-катышы;

- жалпы тил илиминде, орус тил илиминде жана ошондой эле азыркы кыргыз тилинде түр категориясынын изилденишин карап чыгуу;

- чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук маанилеринин калыптануусунда локалдык жана темпоралдык детерминанттардын ролун белгилөө.

Арийне, биздин изилдөөнүн максатына жана анда каралуучу маселелердин мүнөзүнө жараша биз чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориясын аналитикалык жол менен жасалган чак менен түр категориясынын катышы жана ар түрдүү деңгээлдеги грамматикалык категориялардын өзара катышы аркылуу уюшулгандыгын белгилейбиз. Ал эми локалдашуучулук/локалдашпоочулукту жасоонун механизми катары этиштин түр-чактык категориясын эсептейбиз.

Чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориясы башка аспектуалдык категорияларга окшобогон өзгөчө семантикалык категория катары каралат. Анткени бул категориянын өзүнө гана таандык болгон грамматикалык формалары жок болгондуктан, ар түрдүү денгээлдеги лексикалык, морфлолгиялык жана синтаксистик кострукциялардын өз ара катышынын аркасында уюшулат. Тилде чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориянын структуралык жана семантикалык өзгөчөлүгүнө, «татаалдыгына» карабай жагдайдын (ситуации) конкреттүүлүгү жана абстракттуулугун билдирүүдө белгилүү бир функционалдык талаанын законченемдүүлүктөрүнүн негизинде жүзөгө ашат. Ушундан улам изилдөөнүн **объектиси** катары этиштик сүйлөмдөрдөгү чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категорияларынын аспектуалдык мүнөздүү өзгөчөлүктөрү алынса, изилдөөнүн конкреттүү **предмети** катары этиштик сүйлөмдүн семантикалык

типтери жана ошондой эле андагы чактык локалдашуучулук/ локалдашпоочулук аспектуалдык маанилерди уюштуруу каражаттары алынды.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Изилдөө ишинде кыргыз тилинин материалында чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук категориясынын жасалуу каражаттарынын системасы каралды, аспектуалдык маанилерге кеңири анализ жүргүзүлдү. Жаңылык катары эмгекте кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориясы менен байланышкан узакка созулган аспектуалдык жана темпоралдык маанилердин ачып көрсөтүлүшүн белгилөө керек. Муну менен катар чактык локалдашпоочулуктун типтери болгон жөнөкөй кайталануучулук жагдайлары, адат болгон (узуалдык) кыймыл-аракеттер жана убакыттан тышкаркылык маанилери көрсөтүлдү. Чактык локалдашуучулук/ локалдашпоочулук маанилеринин калыптануусунда локалдык жана темпоралдык маанилердин берилиши өзгөчө мааниге ээ, андыктан ал комплекстүү мүнөздү алып жүрөт. Бул анын негизинде локалдашкан функциянын бириккен жалпы семантикалык ар кандай деңгээлдеги каражаттардын катышуусу менен шартталат. Изилдөөнүн натыйжаларынын негизинде кыргыз тилиндеги кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/ локалдашпоочулук семантикалык категориясынын структуралык типтери аныкталып, аны уюштуруучу, түзүүчү каражаттары аныкталды, этиштин түр-чактык формаларынын, өзгөчө чак формаларынын өнүмдүүлүгү көрсөтүлдү.

**Изилдөөнүн методдору, принциптери.** Изилдөө грамматикадагы типологиялык багытта аткарылды да, негизинен, илимий сыпаттама, баяндама методдору аркылуу талдоо жүргүзүлдү. Кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук маанилерин аныктоодо, аталган семантикалык категориянын ар кандай деңгээлдеги каражаттардын катышуусу менен шартталгандыктан, маанилик өзгөчөлүктөрдү көрсөтүүдө лексикалык, морфологиялык, синаксистик жана маанилик талдоо жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи** катары жалпы тил илиминде теориялык багыттары боюнча А.А.Потебня, А.А.Шахматов, А.Мазон, Ф.Ф.Фортунатов, В.А.Богородицкий, С.О.Карцевский, Л.Размусен, А.М.Пешковский, В.В.Виноградов сыяктуу окумуштуулардын, славян тилиндеги этиштик түрдүн жалпы теориясын иштеп чыккан окумуштуулар А.Достал, А.В.Исаченко, Ф.Копечный, Э.Кошмидер, Е.Кржижкова, П.С.Кузнецов сыяктуу окумуштуулардын, жалпы түркологиядагы А.Н.Кононов, Н.А.Баскаков, Ф.А.Ганиев, А.А.Юлдашев, Н.Оралбаева, З.К.Ахметжанова ж.б. изилдөөчүлөрдүн, кыргыз тил илиминде

К.К.Тыныстанов, Б.О.Орузбаева, С.Давлетов, С.М.Кудайбергенов, А.Карыбаев, Б.Касымова сыяктуу окумуштуулардын эмгектериндеги теориялык негиздемелерге таяндык. Ошону менен эле катар кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориясы боюнча теориялык принциптери аркылуу териштирген жагдайда Э.Кошмидер, А.В.Бондарко, Ю.С.Масловдун, И.Н.Смирновдун, Н.Козинцева сыяктуу окумуштуулардын эмгектери, мындан сырткары аспектуалдык маанилерди, функционалдык грамматиканын проблемаларына тиешелүү соңку мезгилдеги илимий-теориялык жетишкендиктер, илимий эмгектердеги жетишкендиктер, илимий эмгектердеги жоболор, принциптер, жаңы багыттар изилдөө ишибиздин методологиялык базасын түзүүгө негиз болгондугун белгилемекчибиз.

**Изилдөөнүн илимий-теориялык мааниси** алды менен, кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориясынын маанисин морфологиялык, лексика-синтаксистик аналитикалык бирдик катары сүйлөмдүн конкреттүүлүгү жана абстракттуулук маанилеринин аныкталышы, алардын жасалуу жолдорунун принциптеринин талкууланышы, ушунун негизинде структуралык типтеринин, үлгү-моделдеринин аныкталышы аркылуу шартталган.

**Изилдөөнүн натыйжалары**, илимий жыйынтыктары кыргыз тил илиминде функционалдык-семантикалык теориясынын андан ары өнүгүшүнө, айтымдардагы чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук жагдайлардын функционалдык-семантикалык маанилеринин аныкталышында үлүш кошуу менен, кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук проблемасынын илимий-теориялык маселелеринин белгилүү деңгээлде коюлушуна, талкууланышына өбөлгө түзөт, практикалык маселелеринин чечилишине байланышкан келечекте жаңы-жаңы изилдөөлөргө жол ачат.

**Изилдөөнүн илимий-практикалык мааниси** илимий талдоонун натыйжасында алынган теориялык ой-толгоолор менен жоболор келечекте функционалдык грамматиканын бир тармагы катары морфологиялык семантиканын деңгээлинде сүйлөм чегинде темпоралдуу-маанилүү жана аспектуалдуу маанилүү компонеттерди, сүйлөмдүн семантикасын, темпоралдуу контексттин семантикасын ачып көрсөтүү менен байланышкан. Ошону менен эле бирге диссертациянын материалдарын кыргыз тилинде убакыттык мамилелердин проблемаларын кароодо, кыргыз тилинин теориялык грамматикасы боюнча лекцияларды окууда, морфология жана синтаксис боюнча атайын семинар, атайын курс боюнча сабак өтүүдө,

ошондой эле студенттер, аспиранттар үчүн окуу-методикалык окуу куралдарын иштеп чыгууда пайдаланса болот.

**Коргоого коюлган жоболор:**

- убакыттагы жагдайлардын локалдашуучулугу/локалдашпоочулугу түшүнүк категориясы гана болбостон, семантикалык категория да болуп эсептелет. Анткени ал регулярдуу тилдик реализацияга ээ болгондуктан, бул категориянын репрезентациясы тилдик системадагы ар кандай деңгээлдеги каражаттардын өзара карым-катышы аркылуу ишке ашары белгиленди;

- кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин локалдашуучулугун/ локалдашпоочулугун көрсөтүп туруучу атайын грамматикалык формалардын системасы жок. Бул маанилер контекстте бир катар каражаттардын катышуусу жана алардын биргелешкендиги менен ишке ашат, өнүмдүү негизги каражаттардын бири этиштин түр-чактык формасы, ошондой эле темпоралдык жана локалдык бышыктоочтор;

- локалдашуучулук/локалдашпоочулуктун жасалышында төмөнкү каражаттарды бөлүп кароого болот: 1) аналитикалык (актионсарттык көрсөткүчтөр) 2) морфологиялык (этиштин түр-чактык формалары); 3) лексико-семантикалык, этиштин лексикалык семантикасы аркылуу локалдашуучулук/локалдашпоочулук маанилеринин берилиши; 4) лексико-синтаксистик (этиш+кайталануучулуктун атайын көрсөткүчү); 5) синтаксистик (бардык синтаксистик каражаттардын жыйындысы) катары аныкталышы шарт;

- айтымдардагы чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук категорияларын репрезентациялоодо этиштин түр-чактык формалары эң маанилүү болуп саналат. Бул татаал вербалдуу формалар локалдашкан жана локалдашпуучулуктун кошумча маанилерин берүүгө жөндөмдүү;

- чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук белгилери кыргыз тилиндеги этиштик сүйлөмдөргө мүнөздүү жана узакка созулгандык, кайталуучулук, адаттуулук, убакыттан тышкаркылык аспектуалдык маанилери, ошондой эле жагдайлардын убакыттык чектерин көрсөтүүсү менен байланышат;

- мейкиндик жагдайларынын семантикасына убакыттык маанилердин белгиленген санын кошууга жана чактык локалдашуучулук/ локалдашпоочулук семантикалык категориясын ар бир айтымдын сөзсүз түрдө боло турган маанилүү компоненти катары кароого илимий негиз болот.

Изилдөө изденүүчүнүн өзү тарабынан аткарылды. Факты-материалдарга карата талдоолор, андан чыккан негизги тыянактар, натыйжалар, жоболор изденүүчүнүн жеке өзүнө гана таандык. Бул изденүүчүнүн **жеке салымы** болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы**. Иштин илимий-теориялык жана практикалык мазмунун чагылдырган 11 макала жарык көргөн.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү**. Изилдөө киришүүдөн, үч главадан, жалпы корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Изилдөөдө кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулугу/ локалдашпоочулугу семантикалык категориясын уюштуруудагы грамматикалык категориялардын ортосундагы өзара карым-катыш, чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулуктун функционалдык семантикалык талаасы, этиштик сүйлөмдөрдөгү ар кандай семантикалык типтердеги жагдайлардын убакыттык чектерин көрсөтүүсү жана берилген маанилердин түзүлүшү **беш тип** боюнча жүргүзүлдү.

**1-тип.** Убакыттагы кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу мындай семантикалык категорияга конкреттүү фактылар, кандайдыр бир убакытта (чакта) ишке ашкан так календарлык-хронологиялык аныктоого жол берген сүйлөмдөрдүн маанилерин кошууга болот.

**2-тип.** Чактык локалдашуучулук менен байланышкан узакка созулгандык белгиси.

**3-тип.** Кыймыл-аракеттин чактык локалдашпоочулугу семантикалык категориясына жөнөкөй кайталануучулук маанилери.

**4-тип.** Чактык локалдашпоочулуктун бири болгон адаттуулук (узуалдуулук) жагдайлары.

**5-тип.** Чактык локалдашпоочулуктун убакыттык жалпылык, убакыттан тышкаркылык маанилери каралды.

Чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориялардын маанилеринин схемалык типтери боюнча талдоолор көрсөткөндөй, белгиленген маанилердин жаралышындагы, калыптанышындагы эң орчундуу маселе – локалдашкан/локалдашпаган сүйлөмдөрдүн кайсы жол менен кантип жасалгандыгын аныктоо, б.а., ар түрдүү деңгээлдеги грамматикалык каражаттардын өзара карым-катышы, алардын бирге аракеттешүүсү натыйжасында темпоралдык жана аспектуалдык маанилердин дифференцияциясы, морфологиялык семантиканын деңгээлинде сүйлөм чегинде темпоралдуу маанилүү жана аспектуалдуу маанилүү компонеттердин, лексикалык детерминанттардын катышынын натыйжасында жаралды деп айтууга болот. Маселен: *Мекеменин баардык* ***кызматкерлери*** *жылдык пландарын* ***аткарышты***. Берилген сүйлөмдө кыймыл-аракет конкреттүү чактагы локалдашкан жагдайды билдирет. Ал эми *Мекеменин баардык* ***кызматкерлери*** *адатта жылдык*

*пландарын* ***аткарышат*** мындай сүйлөмдө локалдашпаган адат болгон кыймыл-аракетти билдирди. Бул сүйлөмдөрдө сырткы көрүнүшү бирдей болгону менен олуттуу айырмалык бар. Биринчи сүйлөмдө конкреттүү субъект аркылуу бүткөн, толук иштелген кыймыл-аракет *аткарышты* баяндоочу бүткөн түр жана айкын өткөн чактын формасы аркылуу уюшулду. Ал эми экинчи мисалда дагы кыймыл-аракет конкреттүү субъект аркылуу адатта аткарылып жүргөн кыймыл-аракетти *аткарышат* баяндоочу бүтпөгөн түр жана учур-келер чак формасы аркылуу ишке ашты, мындан сырткары бул сүйлөмдө *адатта* лексикалык детерминанттын мааниси олутту болуп саналат, анткени ал дайыма болуучулук маанисин кошот. Берилген мисалдын анализи көрсөткөндөй бул сыяктуу сүйлөмдөрдө грамматикалык формалардын, лексиканын, контексттин, тилдик каражаттардын функцияланыусунун эрежелери маанилүү болуп саналат. Бул жагдай кыргыз тилинде изилденбегендиктен, келечекте актуалдуу темалардын бири катары изилдөөгө аланышы керек экендиги жөнүндө сунушу айтылды. Көңүл бургандарыңыз үчүн чоң рахмат!

**Ф.и.д.**, профессордун м.а. Кенжебаев Д.О. – Сизге да ырахмат, диссертациянын мазмуну менен кеңири тааныштырдыңыз. Диссертациялык иш боюнча кандай суроолор бар?

Тулеева Ч.С., **ф.и.д.**, **проф.м.а.**:

**Суроо:** Чактык локалдашуучулук морфологияда каралыш керекпи же синтаксисте каралыш керекпи?

**Жооп**: Жалпы эле чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук жагдайлары – бул сүйлөмдүн (айтымдын) ар түрдүү деңгээлдеги каражаттары менен уюшулган, чактык локалдашуучуктун талаасында жана семантикалык категорияда негизделген мазмундуу структуралар болуу менен бирге ар бир айтымдын милдеттүү белгиси болуп саналат. Чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулуктун маанилүү жагы бул предикат гана эмес, субъектинин жана объектинин дагы, а түгүл – бүтүндөй кырдаалдын конкреттүүлүгү же конкреттүү эместигинин мүнөздүү өзгөчөлүгү катары берилиши эсептелет. Кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин локалдашуучулугун/локалдашпоочулугун уюштуруучу атайын грамматикалык формалардын системасы жок. Бул маанилер контекстте бир катар каражаттардын катышуусу жана алардын биргелешкендиги менен ишке ашат. Өнүмдүү негизги каражаттардын бири этиштин түр жана чак системаларындагы грамматикалык формалар, ошондой эле темпоралдуулук жана аспектуалдуулукту көрсөтүүчү башка каражаттар аркылуу уюшулат. Ушундан улам мен көбүрөөк морфологиянын, лексикологиянын, синтаксистин предмети деп түшүнөм.

**Суроо**: Локалдашуучулук дегенди кандай түшүнөсүз?

**Жооп**: Чактык локалдашуучулук – бул ар бир айтымга тиешелүү болгон өзгөчө семантикалык категория болуу менен бирге, кыймыл-аракеттин конкреттүүлүгүн, кыймыл-аракеттин орун алышынын белгилүүлүгү жана бир багыттуу убакыттын өтүшүндө кырдаалдын кандайдыр бир учурга же мезгилге бекитилишин айтууга болот. Конкреттүү локалдашуучулук мааниси объективдүү чындыкты чагылдырат. Мындай кыймыл-аракет кандайдыр бир реалдуу убакытта иш жүзүнө ашырууда белгиленет М: *Мен бүгүн дүкөнгө барып, керектүү азык-түлүк алып келдим. Айнур азыр дары ичип жатат.* Берилген мисалдарда конкреттүү субъекттин катышуусу менен кыймыл-аракет конкреттүү болот.

**Суроо**: Локалдашпоочулук дегенди кандай түшүнөсүз?

**Жооп**: Убакыттагы кыймыл-аракеттин аракеттин локалдашпоочулугу – бул конкреттүү эместик, белгилүү эместиги көрсөтүлгөн мааниде, б.а., чектелбеген кайталануучулук, адат болгон кадыресе (обычность, узуальность) же убакыттык жалпылык ( мезгилден тышкары, мезгил менен чектелбеген, дайыма болуп турган) ошону менен бирге кыймыл-аракеттин адаттуулугу мүмкүн болушу мүнөздөлөт, ал эми убакыттык жалпылык - объекттин жана субъекттин жалпылыгы менен милдеттүү түрдө айкалышы болот. М.: *Мен дүкөнгө күнүгө барам, керектүү буюмдарды алып кайра келем. Ал ар убакытта өзүн токтоо жана сабырдуу алып жүрөт.* Берилген мисалдарда кыймыл-аракеттин адаттуулугу мүнөздөлөт.

**Черикбаева Н.Б., ф.и.к.**:

**Суроо**: Адат болгон кыймыл-аракет дегенди кандай түшүнөсүз?

**Жооп**: Бул маани учур чактагы этиштер жана бүтпөгөн түр категориясы үчүн мүнөздүү болуу менен бирге *дайыма*, *адатта*, *кечкисин* тактоочторунун айкалышында жасалат. М.: ***Адатта** үйдүн жанында киши болот. Акылдуу адамдар **дайыма** ушинтип ойлойт. Москвага самолёт **түнкүсүн** учат.* Адаттулуктун (узуальность) негизи – бул сүйлөөчүнүн же ал көрсөткөн адамдардын тобунун тажрыйбасын жалпылоо болуп саналат. Чактык локалдашпоочулуктун бул тибинин мүнөздүү белгиси болуп конкреттүү субъекти менен катар жалпыланган субъектинин болуу мүмкүнчүлүгү эсептелет. М.: *Менин бир өзгөчө касиетим бар: мен бир нерсени бат кабыл алам. Таңдын атышы мени дайыма шыктандырат, анын күүгүмдө батышы капалантат.* Келтирилген мисалдарда адат болгон жана көндүм болгон кыймыл-аракеттер берилди.

**Суроо**: Убакыттык жалпылык маанилерин кандай түшүнөсүз?

**Жооп**: Убакыттык жалпылык же убакыттан тышкаркылык маанилери чактагы кыймыл-аракеттин чактык локалдашпоочулуктун мазмундуу

түрлөрүнүн бири болуп саналат. Мындай кыймыл-аракет убакыттын чеги менен чектелбейт, убакыттан тышкары катары каралат. Сөз болуп жаткан мезгил менен түздөн-түз байланышпай, семантикасы боюнча чактык мааниден тышкары тургандай сезилет. Мындай колдонууларда кандайдыр «түбөлүк» чындык айтылат, мындай учурда ар түрдүү чактык формалардын функциялануусунда маани сакталат. Убакыттык жалпылык маанилерин билдирүүдө сүйлөөчүнүн позициясы, көз карашы өзүнүн маанилүүлүгүн сактайт, жалпы чындыкты айтып жатып сүйлөөчү жалпы элдин тажрыйбасын билдирүүчү болуп калат. Мындай маани көбүнчө насыят мүнөздүү макал-лакаптарда, туруктуу мыйзамченемдүүлүктөр жөнүндө ой-жүгүртүүлөрдө жана элдик байкоолор менен баамдоолордо кездешет. М: *Булбул гүлзарын сүйөт, адам мекенин сүйөт* (макал). *Мааниси жок кудагый, чолосу жок сөз сүйлөйт* (лакап). *Жакшыга жаман жете албайт, жарышкан менен өтө албайт (*санат-насыят). *Жер өз огунда айланат. Кышында кар жаайт* (туруктуу мыйзамченемдүүлүктөр). *Жаман түштү айтпайт, айтса да аккан сууга айтат. Бычакты белек кылып бербейт* (элдик байкоолор жана баамдоолор). Мындай айтымдарда дайыма тигил же башка формада тигил же башка этникалык же социалдык топтун улуттук ой жүгүртүүсү, коомдук тартиби, коомдук акыл-ой баалулуктары ж.у.с. жөнүндө элестетүүсү көрсөтүлөт.

**Мусабаева Р.Ш., доцент:**

**Суроо:** Диссертациянын биринчи бөлүмүндө түр категориясы каралган. Түр категориясы менен чактык локалдашуучулук экөөнүн кандай байланышы бар?

**Жооп**: Кыймыл-аракетин чактык локалдашуучулугу/локалдашпоочулуктун изилдениши баардык тилдерде этиштин түр категориясынын функциялануусу менен байланышта каралган, анткени славян тилдеринде бир да этиштик лексема, бир да этиштик форма түр категориясыз ишке ашпайт. Ал чак, мамиле, жак, ыңгай категориялары менен өзара катышта болуп, морфологиялык функциялануунун чегинен чыгып, сөз айкаштын, сүйлөмдүн, ал тургай бүтүндөй тексттин синтаксистик түзүлүшүнө таасир этет. Белгилүү болгондой айтымдардагы чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук категорияларынын өзүнө гана таандык грамматикалык көрсөткүчү жок, ошондой болсо да этиштин түр-чактык формалары эң маанилүү болуп саналат. Бүткөн (СВ) кыймыл-аракет локалдашуучулук белгиси менен, ал эми бүтпөгөн түр (НСВ) локалдашпоочулук белгиси менен айкалышат.

**Суроо**: Түрк тилдеринде түр категориясын кимдер изилдеген?

**Жооп**: Түр категориясы түрк тилдеринде татаал маселелердин бири болуп эсептелет. Бүгүнкү күнгө чейин окумуштуулардын арасында түркологияда этиштик түр категориясы боюнча карама-каршы пикирлердин орун алып жаткандыгы байкалат. Түр категориясы маселесине түркологдордун атайын координациялык кеңешмеси арналган. Ал кеңешме 1956-жылы 24-27 сентябрында Алма-Ата шаарында өтөт. Бул кеңешмеде түрк тилдериндеги түр категориясы биринчи жолу көп кырдуу илимий категориясын таанууга жана карщы болгондорду добушка коюуда 9:8 эсеби менен (3 калыс болгондор) түр категориясын жактагандардын пайдасына чечилет. Демек, түрк тилдеринде түр категориясы бар, бирок анын жасалышы башка тилидерден маселен, орус жана славян үлгүсүндөгү тилдерден айырмаланат. Атайы илимий предмет катары изилдөө Дмитриевдин (башкыр), Юлдашевдин (башкыр), Боровковдун (уйгур), Ганиевдин (татар), Ашмарин (чуваш), Насилов (өзбек, алтайлыктардын), Кононов (өзбек), Оралбаева (казак), Бирюкович (чулум), Бердыев (түркмөн), Содикова (өзбек) ж.б. окумуштуулардын аттары менен байланышат.

**Азизбек у. Б., ф.и.к., доцент:**

**Суроо:** Кыргыз тилинде түр категориясы каралганбы жана түр категориясы кандайча уюшулат?

**Жооп:** 1958-жылы басылып чыккан «Азыркы кыргыз тили» китебинде «Этиштин түр категориясы» деген өзүнчө бөлүм каралган. Бул бөлүмдү белгилүү окумуштуу, академик Б.О.Орузбаева жазып түр категориясына карата төмөнкүдөй оюн билдирет: «Этиштин түрлөрүнүн атайын морфологиялык көрсөткүчтөрү болбогондуктан, анын өзгөчөлүгү (кыймыл-аракеттин бүткөн, бүтпөгөндүгү, кайталангандыгы, капысынан тез болгондугу же демейкилиги ж.б.) көбүнчө этиштердин лексикалык маанисинен жана негизги этиштер ар кандай көмөкчү этиштердин айкалышып колдонулушунан белгилүү болуп турат. Ошондуктан түрк тилдеринде (анын ичинде кыргыз тилинде да) этиштин түрлөрү айрым учурларда чак категориясы менен окшошуп келет…» деп окумуштуу түр категориясынын уюшулушу боюнча алгачкылардан болуп түшүнүк берет. Кыргыз тилинде түр категориясына атайын арналган эмгек А.Карыбаев жана Б.Касымовага таандык. Окумуштуулар түр категориясына кеңири изилдөө жүргүзүшкөн. Биздин илимий ишибизде бул окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен изилдөө жүргүздүк. Кыргыз тилинде этиштин түр категориясы синтетикалык жана аналитикалык жолдор менен уюштурулат. Ага чак категориясын уюштуруучу мүчөлөр жана **–жат**, **-тур**, **-отур**, **-жүр** көмөкчү этиштеринин айкалышуусу аркылуу, жөндөмө мүчөлөрү жана бышыктоочтук детерминанттардын катышуусу менен уюшулат.

**Суроо**: Аспектуалдуулук дегенди кандай түшүнөсүз?

**Жооп**: Аспектуалдуулук – убакыттагы кыймыл-аракеттин өтүш мүнөзүн жана таралышын берүү үчүн кызмат кылган морфологиялык, сөз жасоочу, синтаксистик, лексикалык, лексико-грамматикалык жана башка каражаттардын системасы. Аспектуалдуулук талаанын компоненттери орус тил илиминде кеңири изилденген. Бул тармакта орус тилинин аспектологиялык жактан изилденишине чоң салым кошкон окумуштуулар А.В.Бондарко, Ю.С.Маслов, А.М.Пешковский, Б.А.Серебренников, А.М.Шелякин ж.б. Орус тилинин аспектуалдык системасынын татаалдыгы, анын башка системалар менен өзара аракетешүүсүнүн көп түрдүүлүгү менен шартталат. Тигил же башка маселелер боюнча көз караштардын дал келбөөсү, түр категориясынын аныкталышында кыймыл-аракеттин аткарылуу ыкмасын түшүнүүдө бирдиктүүлүктүн жоктугу байкалат. Убакыттагы кыймыл-аракеттин өтүшү жана бөлүштүрүлүшү көп тилдерде түр категориясы аркылуу берилет, ошону менен катар ар түрдүү тилдерде бул маанилер ар кандай конкреттештирилет.

**Ф.и.д., профессордун м. а. Кенжебаев Д.О.:** Дагы кандай суроолоруңуздар бар? Суроолор жок болсо талкуууга өтөлү.

**Садыкова С.З., ф.и.д., проф.м.а.:** Бул диссертациялык иштин темасы өтө актуалдуу. Кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучуук/ локалдашпоочулук семантикалык категориясы изилденген.

Изденүүчү диссертациясында орус тилинин көптөгөн адабияттарына кайрылыптыр. Баарыбызга белгилүү болгондой, орус тилинин традициялык грамматикасы биздин грамматикага караганда узак жолду өткөн. Ошентсе дагы, орус жана славян окумуштууларынын көз караштарына болгон мамилеңизди билдирсеңиз болмок.

Жыйынтыктап айтканда, Камиля Шаршееванын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилер менен байланышы» аттуу изилдөө иши жакшы жазылган, темасы актуалдуу, кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарга толук жооп берет деп, ишти коргоого сунуштайм.

**Тулеева Ч.С., ф.и.д., проф.м.а.:** К.К.Шаршееванын тандап алган темасы абдан актуалдуу. Мен бир-эки нерсеге токтолойун дедим эле. Диссертациялык иштерде ар бир главадан кийин корутунду берилиш керек. Ошондуктан, сиз дагы главалардан кийин корутунду жазып коюңуз. Дагы бир сунуш: чактык локалдашуучулуктун орус тил илимнде изилдениши теориясы көбүрөөк берилген, ошону кыскартып кыргыз тилинде дагы кеңири ачып көрсөтүлсө жакшы болмок.

Жалпысынан айтканда, иш жакшы жазылган, ЖАКтын талаптарына жооп берет, коргоого сунуштайм.

**Черикбаева Н.Б., ф.и.к., доцент:** Диссертант К.Шаршееванын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилер менен байланышы» деп аталган диссертациялык изилдөөсү кыргыз тилинде актуалдуу темага арналгандыгын танууга болбойт. Иште кыймы-аракеттин чактык локалдашуучулугу/локалдашпоочулугу семантикалык категориясы ар тараптуу анализденип, пикир алышууда, тилди пайдаланууда актуалдуу категория болуп саналары ишенимдүү далилденген. Бүгүнкү күндө кыргыз тилиндеги айтымдын семантикалык маанилеринин өзгөчөлүктөрүн изилдөө актуалдуу маселе жана дегеле кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жалпы сүйлөмгө тиешелүү болгон, андыктан сүйлөм структурасындагы ар түрдүү деңгээлдеги тилдик каражаттардын катышуусу аркылуу уюшулгандыгы тил илимин изилдөөдө жаңы баскычка көтөрүлгөнүн далилдейт. Бир эле мезгилде диссертант кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локадашпоочулук семантикалык категориялардын структуралык өзөгүн түзгөн этиштин түр-чактык категориясы, лексикалык детерминтанттар, бышыктооч сөздөрдү, кыймыл-аракеттин өтүш мүнөзү менен байланышта талдоого алуу менен, эне тилибиздин мейкиндик-чактык маанидеги мыйзамдарын кылдат иликтей алган. Кыргыз тил илиминде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусунун структуралык жана да семантикалык өзгөчөлүктөрү актуалдуу функционалдык-грамматикалык маселе экендиги ишенимдүү түрдө далилденди.

Ошондуктан К.Шаршееванын изилдөөсүн толук бүткөн диссертациялык иш катарында коргоого сунуш кылам.

**Азизбек у. Б., ф.и.к., доцент**: Убакыттагы кыймыл-аракеттин локалдашуусу/локалдашпоосу семантикалык категориясынын жасалышына байланыштуу маселелер орус тилинде, славян тилдеринде мурда иликтенген болсо да түрк тилдеринде анын ичинде кыргыз тилинде дагы бул тема салыштырмалуу жаңы болуп эсептелет. Жалпы тил илиминде бул тема тилдин функциялануусуна байланыштуу каралат. Бүгүнкү күндө тил илиминин актуалдуу маселелеринин бири, тилдик системалардын функциялануусу механизмин иликтөө болуп саналат, анын жыйынтыгы тилдеги функционалдык грамматикалардын түзүлүшүндө турат. Бул үчүн грамматикалык категорияларды жана формаларды алардын семантикалык функцияларынан бөлбөй изилдөө керек. Орус тил илиминде бул теманы изилдөө А.А.Потебня, А.М.Пешковский, А.В.Бондарко, Ю.С.Маслов, И.Н.Смирнов, Т.В.Булигина, И.П.Иванова, Н.А.Козинцева сыяктуу

изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде иштелип чыккан. Салттуу грамматикада кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулугу/локалдашпоочулугу семантикалык категориясы сүйлөм тутумунда предикаттардын этиштин түр жана чак категориясынын айкалышуусу жана лексикалык каражаттардын катышуусу аркылуу ишке ашат.

Диссертациялык иштин жалпы көлөмү – 175 бет, анын ичинде негизги бөлүм 165 бет. Диссертациялык иш киришүү, үч бөлүм, корутунду жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Эмгектин киришүү бөлүмүндө илимий изилдөөнүн актуалдуулугу, жаңылыгы, милдет-максаттары, методологиялык базасы тууралуу сөз болот.

Диссертациялык иштин жаңылыгы:

1) кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук семантикалык категориясынын идентификацияланышы;

2) кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулуктун жасалуу процессинде грамматикалык формалардын катышуусу, бири-бирине таасир этүүсү;

3) кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу/локалдашпоосу типтеринин берилиши;

Диссертациялык иштин мазмуну жана түзүлүшү боюнча төмөнкүдөй биздин айрым сунуштарыбыз бар:

1) Изилдөөнүн актуалдуулугун конкреттештирүү;

2) Ар бир бөлүмдүн акырында корутунду берүү.

Шаршеева Камилянын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилер менен байланышы» аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет. Коргоого сунуш кылса болот.

**Ф.и.д., профессор Мусаев С.Ж.:** Мен кыскача эле төмөнкүлөрдү айтайын. Өзүңүздөр көрдүңүздөр, суроолорго берген жоопторун, материалды жакшы өздөштүргөн. Илимий-теориялык адабияттар менен кеңири тааныш. 10 жылдан ашык мезгилден бери ушул проблема менен алектенип келет.

Эми иш жөнүндө. Чактагы кыймыл-аракеттин локалдашуучулугу семантикалык мааниси – жалпы тил илиминде өтө татаал, тилдик табияты аз аныкталган, функционалдык грамматикада каралган жаңы маселе. Ал эми кыргыз тилинде бул тема таптакыр каралган эмес.

Изденүүчү К.Шаршееванын диссертациясы азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук

семантикалык категориясына арналган. Ушул өңүттө кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу биринчи жолу атайын изилдөө предмети катары талданып жатат. Чактык локалдашуунун семантикалык, структуралык, функционалдык бүтүндүгү анын типтери аркылуу көрсөтүлгөн, башка грамматикалык каражаттар менен болгон карым-катышы аныкталган.

Иш илимий-теориялык деңгээлде жазылган, логикалык жактан ырааттуу, талдоолору далилдүү жана ишенимдүү, стилдик жактан сабаттуу. Кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга толук жооп берет. Коргоого сунуштайм.

**Төрага, ф.и.д., профессордун м.а. Кенжебаев Д.О.**: Дагы кимдин пикири, сунушу бар? Сөз жок болсо, талкууну токтотуп, сөздү диссертантка берели.

**Шаршеева К.К.:** Жыйындын урматтуу катышуучулары, сиздер айткан сын-пикирлерге ыраазычылык билдирип, жогоруда айтылгандарды эске алам. Убактыңыздарды бөлүп, диссертациябызды окуп, баалуу пикириңиздерди, сунуштарыңыздырды айтканыңыздар үчүн чоң рахмат.

**Төрага, ф.и.д., профессордун м.а. Кенжебаев Д.О.**: Камиля Каныбековна Шаршееванын **«Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдак маанилер менен байланышы»** аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы актуалдуу темага арналган. Теманын актуалдуулугу, максат-милдеттери, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү, илимий жаңылыгы, коргоого коюлган жоболор туура аныкталган. Иш үч главадан турат. Ар бир глава жыйынтыкталып, жалпы корутунду чыгарылган. Иште теориялык анализделген материалдар ийине жеткириле иштелген.

Жыйынтыктап айтканда, иш кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берет, ошондуктан ишти 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча коргоого сунуштайм. Анда эмесе добушка койсок:

"Каршы" – жок, "калыс" – жок, бардыгы – "макул". Бир добуштан колдоо көрсөтүлдү.

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин "Манас таануу жана лингвистика" институтунун Лингвистика кафедрасынын кеңейтилген отуруму**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Камиля Каныбековна Шаршееванын **«Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилер менен байланышы»** аттуу темадагы 10.02.01 – кыргыз тили

адистиги боюнча филология илимдеринин кандадаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык эмгеги толук аткарылып бүткөн жана кандидаттык диссертацияга коюлуучу талаптарга жооп берген иш деп эсептелсин.

2. Камиля Каныбековна Шаршееванын **«Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилер менен байланышы»** аттуу темада филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы **10.02.01 – кыргыз тили** адистиги боюнча коргоого сунуш кылынсын.

Отурумдун төрагасы, филология илимдеринин доктору, проф.м.а.: Кенжебаев Д.О.

Жыйындын катчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент: Азизбек у. Б.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ